**И.АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**ЖУСУП БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Д 07.20.624 Диссертациялык кеңеш**

*Кол жазма укугунда*

**УДК: 958.43**

**Алтымышова Зухра Амеркуловна**

# СОВЕТ БИЙЛИГИНИН КЫРГЫЗСТАНДАГЫ КУЛАКТАРДЫ ТАП КАТАРЫ ЖОЮУ САЯСАТЫНЫН ИШКЕ АШЫРЫЛЫШЫ (1920 - 30-жж.)

07.00.02 - Ата Мекен тарыхы

Тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын
изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Илимий жетекчиси:** Мокеев А.М.
тарых илимдеринин доктору, профессор

**Бишкек-2022**

Диссертацилык иш Б.Джамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институтунун Кыргызстандын XX-XXI кк. тарыхы бөлүмүндө аткарылды.

**Илимий жетекчи**: **Анварбек Мокеев,** тарых илимдринин доктору, Кыргызско-Түрк “Манас” университетинин гуманитарного факультети, тарых бөлүмүнүн профессору

**Официалдуу оппоненттер**: **Ормушев Асан Сулайманович**, доктор исторических наук, профессор

**Абдрахманов Болотбек Джумашович,** тарых илимдеринин кандидаты

**Жетектөөчү мекеме**: Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин Кыргызстандын жана Чыгыш чет өлкөлөрүнүн тарыхы кафедрасы. Дареги, 720044, Бишкек ш, Ч. Айтматов просп, 27

Диссертациялык иш 2022-жылдын 30-сентябрында саат 13-00дө И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети менен Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине караштуу тарых илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д 07.20.624 диссертациялык кеңешинин жыйынында корголот. *Дареги*: 720026, Бишкек ш., И. Раззаков көч., 51а. Диссертацияны коргоонун онлайн трансляциясынын идентификациялык коду: https://vc.vak.kg/b/d_0-v8c-sok-bto

Диссертация менен И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин (720026, Бишкек ш., И. Раззаков көч., 51а) жана Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин (720033, Бишкек ш., Фрунзе көч., 547) илимий китепканаларынан, ошондой эле диссертациялык кеңештин «arabaev.kg» сайтынан таанышууга болот.

Автореферат 2022-жылдын 30-августунда таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы,**
**тарых илимдеринин доктору, доцент** **Карыева А. К.**

# ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Теманы изилдөөнүн актуалдуулугу.** Белгилүү болгондой XX кылымдын аягында дүйнөлүк коомчулукта мурда болуп көрбөгөндөй геосаясий өзгөрүүлөр болуп өткөн эле. Натыйжада 1991-жылы СССР мамлекети ыдыраган соң Көз карандысыз Шериктеш Мамлекет (КМШ) түзүлүп, алардын катарына Кыргыз Республикасы дагы кирген. Жаш эгемендүү мамлекетибиздин курулушу өз кезегинде тарых илиминде да жаңы мүмкүнчүлүктөргө, тарыхый окуяларды өтмүштөгү идеологиялык догмалардан арылган жаңы ыкмалар менен калыс жана ар тараптуу талдап, кайрадан баа берүүгө жол ачты. Натыйжада постсоветтик мезгил аралыгында коомубузда тарыхый аң-сезимдин өсүшү байкалды жана өтмүшкө кызыгуулар жанданды. Ошентсе да эгемендүүлүк жылдарында тарых илиминде толук изилдене элек бир топ маселелер дагы эле арбын, атап айтканда мындай проблемалар өзгөчө Совет дооруна тиешелүү.

1920 -жж. аяк ченинде жалпы СССРде жүргүзүлгөн айыл чарбасын коллективдештирүү иш-чарасы оң жактуу жыйынтыктар менен бирге терс кесепеттерди да алып келген. Анын терс жыйынтыктарынын бири кулактарды тап катары жоюунун ишке ашырылышы болуп саналат. Кулак - сөзү жалданма эмгектен пайдаланган оокаттуу дыйкандарга тийиштүү аныктама болгондуктан большевиктер бул социалдык категорияны эзүүчү таптын катарына кошуп, алардын мал-мүлкүн экспроприация кылуу саясатын ишке ашыра башташкан. 1920-жж. аяктарына чейин кулактарга саясий, экономикалык чектөөлөр киргизилген. Ал эми кулактарды тап катары жоюу - оокаттуу дыйкандарды жери жана мал-мүлктөрүн конфискациялап, баардык өндүрүш каражаттарынан, атуулдук укуктарынан ажыратып, аларды өлкөнүн алыскы райондоруна көчүрүүнү билдирген. Совет бийлиги тарабынан кулактардын экспроприациясы, кулактарды тап катары жоюу коллективдүү чарбалардын негизделиши жана өнүгүшүнүн ажырагыс бөлүгү деп каралган.

1920-1930-жж. кулактардын мал-мүлктөрү конфискацияланып, республика аймагындагы (ички) жана республикадан башка жерлерге (тышкы) депортацияларга дуушар болушкан. Диссертациялык иште бул мезгилде республиканын сыртына көчүрүлгөн кулактардын маселеси изилдөөгө алынды. Кыргызстанда Союздук башка республикаларга массалык түрдө республикадан депортациялоо процесси 1927-жылдан баштап ишке ашырылган. 1927-жылы 21 манап, 1929-жылы 44 үй-бүлө Россияга депортацияланган. 1930-жж. башында кулактарды тап катары жоюу саясатынын алкагында кулак катары айыпталгандар Кыргыз АССРинен Украинага сүргүнгө айдалышкан.

Республикадагы кулактарды тап катары жоюу саясаты тууралуу Совет доорунда жарык көргөн саналуу гана илимий эмгектер бар, ал эми эгемендүүлүк мезгилинде аталган тема боюнча Ата мекендик тарыхчы-окумуштуулар тарабынан терең жана толук илимий изилдөөлөр жүргүзүлө элек. Ошондой эле архивдик булактардан жаңы табылгаларды жана акыркы изилдөөлөрдү комплекстүү иликтеп, илимий айлампага киргизүү да учурдун

талабы экендиги шексиз. Бул жагдайлар диссертациялык эмгектин объектиси катары тандалган теманын актуалдуулугун арттырат.

Изилдөөнүн *хронологиялык алкагы* 1920-жж. башынан тартып кулактардын тап катары жоюу саясаты жүргүзүлгөн 1930-жж. башталышындагы мезгилди камтыйт. Тагыраак айтканда илимий иште Кыргызстанда 1921-жылдан тартып 1931-жылга чейинки бай-манап, кулак чарбаларынын мал-мүлктөрүнүн конфискацияланып, республиканын аймагынан башка жерлерге депортацияланышы каралды.

**Диссертациянын темасынын ири илимий долбоорлор, программалар менен болгон байланышы**. Диссертациялык иш демилгелүү эмгек болуп саналат.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери**. Диссертациялык изилдөөдө Кыргызстандан башка республикаларга депортациялоо жараяны жана сүргүнгө айдалгандардын кийинки абалы талдоого алынды. Диссертациялык изилдөөнүн максатына ылайык изилдөө ишинде ***төмөндөгүдөй милдеттер*** белгиленди:

1. Кыргызстанда бай-манап, кулактарды тап катары жоюу саясатынын негизги критерийлери жана аны ишке ашыруулардын жолдорун көргөзүү, аша чабууларды тактоо;
2. Кыргызстанда бай-манап, кулактарды республикадан депортациялоо жараянына жана алардын чет жердеги абалына илимий иликтөө жүргүзүү;
3. Изилдөө ишинде калыс (объективдүү) илимий тыянактарга жетишүү үчүн жеке инсандардан топтолгон темага байланыштуу оозеки материалдарды архивдик документтер менен салыштыруу;
4. Тарыхый булактардын негизинде Кыргызстандагы кулактарды тап катары жоюу саясатынын кесепеттерин тереңиреек аныктоо;
5. Кыргызстандагы кулактарды тап катары жоюу саясатынын тарыхый жыйынтыктарын чыгаруу, тарыхый сабактарын көрсөтүү.

**Диссертациянын илимий жаңылыгы:**

1. Кыргызстандагы кулактарды тап катары жоюу саясатынын жүргүзүлүшү жана жыйынтыктары архивдик документтер, илимий эмгектер жана оозеки материалдардын негизинде комплекстүү изилденип, илимий жактан негизделген баа берилди;
2. Совет өкмөтүнүн республикадагы кулакка тартуу боюнча архивдик документтеринин басымдуу бөлүгү илимий айлампага киргизилди;
3. республикадан сүргүнгө айдалган инсандардын кийинки тагдыры, Ата Журтка кайтып келүү жагдайлары боюнча айрым тактоолор киргизилди;
4. архивдик булактарды талдоонун негизинде 1920-1930-жж. Кыргызстандагы кулактарды тап катары жоюу саясатынын кыргыз коомундагы кесепеттери аныкталды.

**Изилдөөнүн илимий практикалык мааниси.** Илимий иштин негизги жыйынтыктары Ата Мекендик тарых боюнча жалпы билим берүү уюмдарына, орто жана жогорку окуу жайларга окуу куралдарын, лекциялардын топтомдорун иштеп чыгууда маалымат булагы катары көмөк көрсөтө алат. Диссертациянын негизги тыянактарын 1920-1930-жж. Кыргызстандын тарыхын

илимий изилдөөдө, илимий долбоорлорду ж.б. сунуштарды даярдоодо колдонууга болот.

**Илимий иштеги коргоого коюлуучу негизги жоболор.**

1. Изилдөө ишинде XX кылымдын 20-30-жылдарындагы Кыргызстандагы саясий олуттуу окуялардын бири большевиктик идеологиянын өзөгүн түзгөн тап күрөшү теориясынын практикада ишке ашырылгандыгы болгондугу аныкталды. Бул маселе Совет мезгилинде жарыяланган эмгектерде Компартия жүргүзгөн идеологиянын көрсөтмөсү аркылуу иликтөөгө алынгандыктан тарыхый чыныгы окуяларды ачык жазууга мүмкүндүк берилген эмес. Ошондуктан 1920-30-жылдардагы кулакка тартуу маселеси ушул мезгилге чейин өз алдынча атайын изилдөөгө алынбай келген. Диссертант тарабынан тап күрөшү теориясы нугунда жазылган советтик архив материалдарын кулакка тартылгандардын балдарынын, тууганадарынын айтып берген эскерүүлөрү менен салыштыруу аркылуу изилдөө зарылчылыгы жаралды.

2. Диссертациялык изилдөөнүн максаты менен милдеттерине ылайык Кыргыз Республикасынын Борбордук мамлекеттик архивиндеги, КР Борбордук мамлекеттик коомдук-саясий документтер архивиндеги, Ош Облустук Мамлекеттик Архивиндеги тарыхый документтер, Украинанын Херсон областынын мамлекеттик архивиндеги айрым булактар алгачкы жолу илимий талдоого алынып, Кыргызстандын кулакка тартуу боюнча тарыхы жаңы илимий көз караштан изилдөөгө алынды.

3. 1927 жана 1929-жылдардагы көчүрүү жана жайгаштыруу маршруттары көргөзгөндөй республикадан башка жактарга депортацияланган бай-манаптар иш жүзүндө диний жана менталдык жактан жат чөйрөгө туш болушуп, өз алдынча оокат кылып кетүүгө шарты туура келбеген, табигый климаттык жактан шарты жок жерлерге сүргүнгө айдалышкан.

4. Кыргызстандагы кулактарды тап катары жоюу саясатынын натыйжасында, бардар жашаган чарбалар куугунтукка кабылып, алар Россия жана Украинага сүргүнгө айдалышкан. Бай-манаптар, кулактар табын жоюу боюнча Совет өкмөтүнүн чечимдеринин эрежелери ар дайым эле сакталган эмес. Кулакка тартуу учурунда жеке мамилелерден улам айрым орто чарбалар да запкы тартышкан.

5. 1920-жж. аягы 1930-жж. башында Кыргызстандагы кулактарды тап катары жоюу саясатынын кесепеттери эл чарбасынын өнүгүшүнө, кыргыз коомуна терс таасирин тийгизген. Натыйжада элдин экономикалык абалы начарлап, малдын саны кескин кыскарган. Ошондой эле бул мезгилде Совет бийлигинин социалисттик кайра түзүүлөрдү ишке ашыруу чараларына каршы наразычылыктардын айынан бир топ үй-бүлөлөрдүн мал-жандыктарын айдап, Кытайга көчүп кетишкендигин, Кыргызстандын түштүгүндө басмачы кыймылынын күчөгөндүгүн архивдик булактар далилдейт.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** Диссертациялык иште колунда бар чарбалардын Кыргыз АССРинен көчүрүү жараяндарынын ишке ашырылышы көрсөтүлдү. Кыргызстандан башка республикаларга көчүрүлгөн бай-манаптардын, кулактардын чет жердеги абалы жана кийинки жашоосун

тактоого аракет жасалды. Диссертациянын темасына жана хронологиялык мезгилине тиешелүү расмий архив документтери диссертант тарабынан кылдат иликтенди, тема боюнча илимий эмгектер, мезгилдүү басылмалар каралды. Оозеки эскерүүлөр жыйналды, алар архивдик документтер жана жарыяланган эмгектер менен алгачкы жолу салыштырылып, илимий жааттан изилденди. Архивдик документтер, илимий эмгектердеги маалыматтар жана оозеки булактарды изилдөөнүн жыйынтыктары мамлекеттик жана чет тилдерде илимий айлампага киргизилди.

**Изилдөөнүн жыйынтыгынын апробацияланышы.** Изилдөөнүн негизги тыянактары жана жыйынтыктары республикалык жана эл аралык илимий журналдарда жарыяланды. Республикалык жана эл аралык (АКШ, Индия, Түркия, Пакистан, Өзбекстан ж.б.) деңгээлдеги илимий конференциялар, симпозиумдар, семинарларда апробацияланды. Диссертациялык иш боюнча 20дан ашуун илимий макала жана докладдардын толук тексттери жарыяланды. Алардын ичинен чет тилдерде жазылган 4 макала Web of Science жана Scopus системасында катталган журналдарда, 4 макала чет элдик индекстүү журналдарда, 7 макала РИНЦте катталган Кыргыз Республикасынын УАКы тарабынан сунуш кылынган республикалык илимий басылмаларда жарык көрдү.

**Диссертациялык иштин түзүмү жана көлөмү.** Диссертациялык иш киришүүдөн, төрт баптан, корутундудан, колдонулган тарыхый булактар менен адабияттардын тизмесинен жана тиркемелерден турат.

## ДИССЕРТАЦИЯЛЫК ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** диссертациянын темасынын актуалдуулугу, изилдөөнүн максаты жана милдеттери, илимий жаңылыгы, илимий практикалык мааниси, коргоого коюлуучу негизги жоболор, изилдөөнүн апробацияланышы, иштин түзүмү берилди.

**“Кыргызстанда кулакка тартуу саясатын изилдөөнүн тарыхнаамасы”** аталышындагы 1-бапта изилдөөнүн тарыхнаамасы эки мезгилге бөлүп каралды: Совет мезгили жана постсоветтик мезгил. 1920-1940-жж. республиканын админстративдик бөлүнүшү, айыл чарбасы, мал чарбасы, өнөр жайы, эл агартуу, саламаттык сактоо тармактары менен бирге кыргыздардын саясий, социалдык-экономикалык абалы, коомдук турмушу тууралуу бир топ эмгектер жарык көргөн.

И.Фатьянов, В.Буров-Петров, М.Кивмандын эмгектеринде айылдарда жана көчмөн райондордогу тап күрөшү, Совет бийлигинин бай-манаптарга каршы иш-чаралары баяндалган. М.Гаврилов “Классовый состав “букары” Горной Киргизии” жана “Манап” аталышындагы эки макаласында букаралардын таптык курамы, анын ичинде бай-манаптардын категориялары тууралуу маалымат берген. П.Кушнердин (Кнышев) “Горная Киргизия (Социологическая разведка)” эмгегинде Кыргыз АССРинин чарбасы, жашоо тарзы, үй-бүлөлүк абалы, таптарга бөлүнүшү жана манапчылык институту

изилденген. П.Погорельский жана В.Батраковдун “Экономика кочевого аула Киргизстана” эмгегинде кыргыз айылдарынын социалдык-экономикалык структурасы, коомдук-саясий түзүлүшү, көчмөн райондордогу жер маселеси менен кошо тап күрөшү каралган. Белгилүү этнограф С.Абрамзон “Современное манапство в Киргизии” аттуу макаласында республикадагы тап күрөшү, коомдук мамилелер, колхоз-совхоздордун социалдык курамын анализдеген.

Алгачкы кыргыз тарыхчыларынын бири Б.Солтоноевдин “Кызыл кыргыз тарыхы” эмгеги кыргыздардын элдик оозеки чыгармалары, диний ишеними, каада-салты, тамак-аш маданияты менен кошо уруулук жана коомдук түзүлүшүнө байланыштуу баалуу маалыматтарды камтыйт. Көрүнүктүү саясий ишмер Ж. Абдрахмановдун эмгектери Кыргызстандын 1920-1930 жылдардагы саясий, социалдык-экономикалык тарыхын изилдөөдө мааанилүү булактарга кирет. Ж.Абдрахманов социалистик кайра куруулар маселелерин күндөлүгүндө (1916. Дневники. Письма к Сталину) чагылдырып, республикадагы кулакка тартуу саясаты тууралуу да маалымат берген. Совет доорундагы эмгектерде республикадан бай-манаптар жана кулактардын сүргүнгө айдалышына оң жактуу баа берилген. Совет мезгилинде жарык көргөн эмгектерде кулакка тартуу маселеси коммунисттик идеологиянын нугунда бир тараптуу чагылдырылса да тап күрөшүнүн жүргүзүлүшү жана коллективизация учурунда орун алган аша чабуулар көрсөтүлгөн.

Академик С.Ильясов “Кооперативно-колхозное строительство в Киргизии (1918-1929 гг.),” аталышындагы эмгегинде 1927-ж. ири бай-манаптардын малын, жерин жана айыл чарба шаймандарын конфискациялап, республикадан депортациялоо алардын экономикалык күчүн олуттуу түрдө алсыраткандыгын белгилейт. С.Ильясов “Коренное преобразование сельского хозяйства в Киргизии” аттуу изилдөөсүндө жапырт коллективдештирүү мезгилинде кетирилген орой каталар жана бурмалоолор өтө олуттуу кесепеттерге алып келгенин ачык көрсөткөн.

Академик В.Шерстобитов “Новая экономическая политика в Киргизии (1921-1925)” эмгегинде Совет бийлигинин айылдарды советтештирүү, бай-манаптарга саясий, экономикалык (салык салуу) кысымдарды күчөтүү аракетинин натыйжасында бай-манаптардын ролу жана таасири азайтылгандыгын белгилейт. Ж.Бактыгулов Совет мезгилиндеги “Социалистическое преобразование киргизского аила (1928-1940 гг.)” эмгегинде 1930-жж. башында республикада кулактар жана бай-манаптардын тап катары негизинен жоюулгандыгы тууралуу тыянак чыгарган. Ж.Бактыгулов 1990-жылы “Коммунист Киргизстана” журналында жарыяланган “Коллективизация киргизского аила: новый взгляд” аталышындагы макаласында республикадагы коллективдештирүүнүн жүрүшү жана жыйынтыктарына сын көз менен баа берген.

У.Асанбаев, Т.Дуйшемалиевдин пикиринде 1929-жылдагы ири бай-манап чарбаларынын конфискациясы жана малдарынын кайра бөлүштүрүлүшү кедей чарбаларды орто дыйкандарга айландыруу үчүн ыңгайлуу шарттарды түзгөн.

Алар эмгектеринде коллективизация мезгилинде орто жана кедей дыйкандарга карата репрессияларга, 1931-ж. жана 1932-ж. кулак чарбаларынын республикадан көчүрүүдө аша чабууларга жол берилгендигин көрсөтүшкөн. И.Ибраимов “Партийная организация Киргизии в борьбе за развертывание колхозного движения”, эмгегинде 1927 жана 1929-жылдары Кыргызстандан ири бай-манаптардын көчүрүлүшү жана мал-мүлктөрүнүн конфискациясы алардын кедей-кембагалдарга жана батрактарга саясий, экономикалык таасирин да бир топ начарлаткандыгын жазган.Совет доорунда Б.Чокушов, Дж.Малабаев, эмгектеринде тап күрөшүнө байланыштуу кулакка тартуу маселесине кайрылышкан. Б. Байбулатов, П.Алпацкий отурукташтыруу маселесин изилдешкен эмгектеринде Совет бийлигинин көчмөн райондордо бай-манаптарга карата тап күрөшүн чагылдырышкан.

Эгемендүүлүк жылдарындагы изилдөөлөрдө коллективизация, кулакка тартуу саясатынын жүргүзүлүшү жана кесепеттери Совет доорундагы эмгектерге караганда салыштырмалуу кенениреек изилденген, негизинен колунда бар чарбаларды тап катары жоюу маселесине обьективдүү баа берилген. Дж.Бактыгулов 1991-жылы басылган “Организационно-хозяйственное укрепление колхозов Киргизии (1929-1937 гг.),” аталышындагы эмгегинде Совет мезгилинде жазган эмгектериндеги жаздым калтырган маселелерди архивдик документтердеги фактыларга таянып, кайрадан карап чыгууга аракет кылган. Автордун пикиринде иш жүзүндө кулак чарбаларынын санынан көп дыйкан чарбалары кулакка тартылышкандыктан орто чарбалардын басымдуу бөлүгү жапа чегишкен.

“Время созидания и трагедий 20-30- годы XX в.” монографиясынын автору Дж.Джунушалиев коллективизациянын жүрүшү жана жыйынтыктарын талдап, коллективизациянын Совет мезгилинде айтылып келгендей оң жактары эле эмес, негативдүү кесепеттеринин да болгондугун көрсөткөн. А.Джуманалиев “Политическая история Кыргызстана” аталышындагы эмгегинде кулакка тартууда эрежеден сырткары жеке мамилелер, эсептешүү сыяктуу кокустук учурлар ошондой эле Кыргызстандагы уруулук мамилелердин калдыктары таасирдүү болгондугун белгилейт. “Кыргызстандын тарыхы. Байыркы мезгилден бүгүнкү күнгө чейин” китебинин үчүнчү томунда “Кулакка тартуу жараяны жана бай-манапарды куугунтуктоолор. Алардын аргасыз журт которуулары” бөлүмү З.Алтымышова тарабынан жазылган. Бул бөлүмдө автор өзү иликтеген архивдик документтердин негизинде 1920-30-жж. республикада кулакка тартуу саясатынын жүргүзүлүшү, бай-манаптардын алыскы аймактарга депортацияланышы жана жыйынтыктары талданган.

2020-жылы авторлор Абдрахманов Б.Дж., Абдырахманов Т.А. тарабынан Кыргызстандагы саясий репрессиянын курмандыктарынын тизмеси “Кыргызстандагы саясий репрессиянын курмандыктары (1920-1953 жж.)” аталышында жарык көрдү. Бул тизмеге 1920-жылдан 1953-жылга чейин республикада репрессияга кабылган 20 000ге жакын инсандар, алардын ичинде кулакка тартылгандар тууралуу маалыматтар киргизилген.

Б.Абдрахманов "Политика ликвидации кулачества как класса в 20-30-е годы в Кыргызстане (на материалах ОГПУ-НКВД). Роль и место органов ОГПУ-НКВД при проведении коллективизации в Кыргызстане" эмгегинде кулакка тартуу саясатын Кыргыз Республикасынын Улуттук Коопсуздук Мамлекеттик Комитетинин архивинин материалдарын колдонуп изилдеген. Элет жерлериндеги ОГПУнун массалык репрессиялары таптык мүнөздө болуп, кулакка тартууда республиканын коопсуздук органдары тарабынан көп сандаган аша чабуулар кетирилген. Мындай репрессиялардан көбүнчө орто жана кедей чарбалар жапа чегишкен. Ж.Бөтөнөев "Түштүк Кыргызстандагы массалык коллективдештирүү саясаты: XX – кылымдын 20-40-жылдары. Жаңыча көз караш" аттуу илимий ишинде Түштүк Кыргызстандагы массалык коллективдештирүү жана кулакка тартуу саясатын архивдик маалыматтарга таянып, жаңыча көз караашта изилдөөгө аракеттенген.

Чет тилдерде жазылган илимий эмгектерде негизинен Россия жана СССРдин батыш бөлүктөрүндөгү кулакка тартуу процесси терең изилденген.Чет өлкөлүк изилдөөчүлөр кулакка тартуу жараянын айыл чарбасын коллективдештирүү жана өнөр жайды индустриалаштыруу чаралары менен байланыштырып изилдешкен. Коллективизация жана кулакка тартуу боюнча илимий монографиялардын автору Н.А.Ивницкий эмгектеринде коллективдештирүү жана кулакка тартуу маселелерине калыс талдоо жүрүзгөн. Анын пикиринде коллективизация жана кулакка тартуу экономикалык көйгөйлөрдү чечкен эмес, тескерисинче, айылда өндүргүч күчтөрдүн талкаланышына, айыл чарба өндүрүшүнүн төмөндөшүнө жана 1932-1933-жылдардагы коркунучтуу ачарчылыкка алып келген.

СССРдеги индустриализация, коллективизация, кулакка тартуу боюнча бир топ салмактуу эмгектер Торонто университетинин профессору Линн Виолага таандык. Ал кулактардын коллективдүү чарбалар менен байланышы, кулакка тартуунун жүргүзүлүшү, өлкөнүн түндүгүнө көчүрүлгөн кулактар жана алардын абалы, СССРде коллективизация мезгилиндеги дыйкан көтөрүлүштөрү тууралуу изилдеген. Л.Виола "Peasant Rebels Under Stalin: Collectivization and the Culture of Peasant Resistance" монографиясында дыйкан козголоңдорун Россиядагы жарандык согуштан кийинки Совет мамлекетинде эң катуу жана туруктуу каршылык көрсөтүү деп мүнөздөйт. Л.Виола "The Unknown Gulag. World of Stalin's Special Settlements" аталышындагы башка эмгегинде 1930-жылдардын башында коллективдештирүү кампаниясы мезгилинде атайын конуштар деп аталган алыскы сүргүнгө жөнөтүлгөн кулактар кийинчерээк Сталиндик ГУЛАГ системасынын пайдубалын түптөгөндүгү тууралуу көз карашын билдирген.

СССРдин тарыхына арналган бир топ эмгектердин автору М.Левиндин "Who Was the Soviet Kulak?" макаласында Жаңы Экономикалык Саясат жылдарында кулактардын абалы, Компартиянын кулактарга киргизген чектөөлөрү, кулактардын категориялары жана критерийлери, кулактардын тап катары жоюлушу кенен талдоого алынган. М.Левин "Russian Peasants and Soviet Power: A Study of Collectivisation" монографиясында Совет бийлигинин

кулактарга карата мамилеси, дыйкандардын ичинде таптык стратификация (батрак, бедняк, середняк, кулак) проблемалары, кулакка тартуу маселеси изилденген. Америкалык окумуштуу Р.Г.Суни кулактар деген термин эч качан так аныкталбагандыктан, кулактар менен иш алып барган юридикалык үчилтиктер (тройкалар) коллективдештирүүгө каршылык көрсөткөн орто жана кедей дыйкандарды “идеологиялык кулактар” катары жазалап турушкандыгын белгилейт.

Совет мамлекетинин экономикалык өнүгүүсү боюнча британиялык адис Р.Дэвистин “The Socialist Offensive: The Collectivisation of Soviet Agriculture, 1929-1930” эмгегинде 1929-1930-жж. мамлекеттин, дыйкандардын жана айыл чарбасынын ортосундагы мамилелер чагылдырылган. Германиялык окумуштуу Й.Баберовски коллективизациянын ачарчылыкка алып келгендигин, 1932-1933 жж. ачарчылыктын курмандыктарынын 3төн 7 миллионго чейинки кишиге жетип, негизинен Украина, Түндүк Кавказ, Ортоңку жана Төмөнкү Волга, Казакстандын жашоочулары болушкандыгын көрсөткөн. Х.Куромиянын көз карашы боюнча коллективизация айыл-кыштактардагы турмуштун салттуу ыкмаларын толугу менен өзгөрткөн. Х.Куромия, болжол менен 3 миллиондон ашуун кишинин кулакка тартуудан жапа чеккендигин көрсөтөт.

Совет доорунун саясий, социалдык, маданий тарыхы боюнча таанымал адис Ш.Фицпатрик изилдөөлөрүндө Совет коомундагы таптык түзүлүш, социалдык топтор, дыйкандар табынын бөлүнүшү маселелерине кайрылып, кулактар жана аларды тап катары жоюу тууралуу да баяндаган. Америкалык окумуштуу Б.Х.Лоринг “Rural Dynamics and Peasant Resistance in Southern Kyrgyzstan, 1929–1930” аталышындагы макаласында 1929-1930-жж. түштүк Кыргызстанда коллективизация мезгилиндеги дыйкандардын каршылыктары жана алардын нааразычылыктарынын саясий, социалдык-экономикалык себептерин анализдеген.

**“Илимий изилдөөнүн объектиси, предмети, булактык базасы жана методологиялык негиздери”** аталышындагы 2-бапта Кыргызстандагы кулакка тартуу саясатын изилдөөнүн объектиси, предмети**,** изилдөөнүн булактык базасы жана методологиялык негиздери каралды. Диссертацияда 1920-1930 жж. архив материалдары, илимий эмгектер, илимий макалалар, оозеки маалыматтар жана мезгилдүү басма сөз каражаттары булак катары колдонулду**.** Бул бапта изилдөөдө колдонулган булактар жана илимий ыкмаларга мүнөздөмө берилди.

**Изилдөөнүн объектиси**. 1920-1930-жж. Кыргызстанда Совет бийлигинин кулактарды тап катары жоюу саясатынын ишке ашырылышы. Кыргызстанда да СССРдин башка аймактарындай эле кулактарды тап катары жоюуда кулактарды жергиликтүү колхоздордун аймагынан башка жерлерге же жашаган райондорунан республика ичиндеги башка райондорго, ошондой эле республиканын сыртына көчүрүү ыкмалары жүзөгө ашырылган. Изилдөө ишинде колунда бар чарбаларды башка республикаларга депортациялоо процессинин өбөлгөлөрү жана жүргүзүлүшү, сүргүнгө айдалгандардын чет жерлердеги абалы анализденди.

**Изилдөөнүн предмети.** 1920-1930-жж. Кыргызстандагы бай-манап, кулактардын республикадан алыскы аймактарга (Россия, Украина) сүргүнгө айдоо иш-чарасы жана анын жыйынтыктары.

Орус тилиндеги «кулак» сөзүнүн түз мааниси «муштум» дегенди билдирет. Ал эми экинчи каймана мааниси 1920-1930 жж. колдонулган саясий термин катары кедей жана батрактардын жалданма эмгегинен пайдаланган эзүүчү оокаттуу дыйканды түшүндүргөн. Жалпысынан, коллективдештирүүгө каршы же макул эмес болгондорду да кулак деп эсептей беришкен. 1920-жж. аягында жапырт коллективдештирүүнүн жүрүшүндө кулактарды тап катары жоюу саясаты ишке ашырыла баштаган. Кулактарды тап катары жоюу-оокаттуу дыйкандарды жеринен, баардык өндүрүш каражаттарынан жана атуулдук укуктарынан ажыратып, аларды башка жерлерге көчүрүүнү түшүндүргөн.

1920-1930 жж. Кыргызстанда оокаттуу чарбаларды тап катары жоюу саясатына бай-манаптар кабылган. Байлар *күчтүү, алсыз,* же *күрдөлүү бай, ордолуу бай, чоң бай, сараң бай, сасык бай, жеке мерез* деп бөлүнгөн. Ал эми манаптардын *чоң манап, манап, чала манап* же *чынжырлуу* жана *жөнөкөй* деген категориялары болгон.

Изилдөө ишинде колдонулган булактар топторго бөлүп каралды: Булактардын *биринчи тобун* архивдик материалдар түзөт. Республикадагы бай-манаптарга каршы чаралар, кулакка тартуу маселелерин изилдөөдө эң мааанилүү жана деталдуу маалыматтар 1920-1930-жж. тиешелүү Советтик архив документтеринде берилген. Изилдөө ишинде Совет доорунда *жашыруун* же *өтө жашыруун* белгиси түшүрүлгөн архивдик документтердин басымдуу бөлүгү биринчи жолу илимий айлампага киргизилди. Диссертацияда Кыргыз Республикасынын Борбордук мамлекеттик архивинин (КР БМА) 20, 21-фонддорунун, Кыргыз Республикасынын Борбордук мамлекеттик коомдук-саясий документтер архивинин (КР БМ КСДА) 2, 3 жана 10-фонддорунун, Ош Облустук мамлекеттик архивинин (ООМА) 1 жана 79-фонддорунун, Украинанын Херсон областы, мамлекеттик архивинин 4033-фондунун документтери колдонулду. Жогорудагы архивдик фонддордо орун алган документтердин ар бирине олуттуу анализ жасалды. Совет өкмөтүнүн документтери ошол доордогу идеологиянын нугунда жазылгандыктан архив материалдарын сын көз менен электен өткөрүүгө аракет жасалды жана көбүнчө архивден алынган сөз же сүйлөмдөр тырнакча ичинде берилди.

Булактардын *экинчи тобун* илимий эмгектер жана макалалар түзөт. Изилдөө ишинде темага байланыштуу илимий эмгектер кеңири пайдаланылды. Совет мезгилинде кулакка тартуу маселеси айыл чарбасын социалисттик кайра түзүү, коллективдеширүү, тап күрөшү, көчмөн калкты отурукташтыруунун тарыхын иликтеген эмгектерде эриш аркак каралган. 1920-1930 жж. Кыргызстанда жүргүзүлгөн бай-манап, кулактардын таасирин жоюу жана кулакка тартуу жараянына Совет доорунда бир беткей, терс баа берилген. Негизинен Советтик изилдөө методологиясына таянып изилденген жана партиялык документтердин чегинде жыйынтык чыгарылган. Анткен менен

кулакка тартууда жол берилген каталар, аша чаап кетүүлөрдүн айрымдары Совет мезгилиндеги изилдөөлөрдө да көрсөтүлгөндүгүн белгилей кетүү зарыл.

Кайра куруу мезгилинде жана эгемендүүлүк жылдарында жарык көргөн окумуштуулардын изилдөөлөрүндө (Дж Бактыгулов, А. Джуманалиев, Дж.Джунушалиев ж.б.) кулакка тартуу саясатына обьективдүү баа берилген. Бирок алардын эмгектеринде да 1920-1930-жж. бай-манап, кулактардын республикадан кайда айдалгандыгы, сүргүндөгү тагдырлары тууралуу маалыматтар келтирилбейт. Диссертациялык иште илимий эмгектер менен бирге айыл чарбасын коллективдештирүү боюнча Коммунисттик партия жана Совет өкмөтүнүн эң маанилүү чечимдери, токтомдорун камтыган документтердин жыйнактары колдонулду. Ошондой эле чет тилдерде жазылган илимий эмгектер пайдаланылды.

Булактардын *үчүнчү тобуна* мезгилдүү басма сөз каражаттары киргизилди. 1920-1930-жж. жаңы режимдин идеологиясын жайылтууда, социалисттик кайра түзүүлөрдү пропагандалоодо мезгилдүү басма сөз чоң роль ойногон. Изилдөө ишинде «Кызыл Кыргызстан» жана «Советская Киргизия» газеталарындагы маалыматтар пайдаланылды. Аталган басма сөз беттеринде 1920-1930-жж. бай-манап, кулактарды республикадан көчүрүүгө байланыштуу Кыргызстандын жергиликтүү бийликтеринин токтомдорунун тексттери, кайрылуулары, бай-манаптарды сүргүнгө айдоо учурундагы окуялар, сүргүнгө айдалган бай-манаптардан конфискацияланган мал-мүлктөрдүн саны, бул мал-мүлктөр бөлүштүрүлгөндөн кийинки абалы ж.б. маселелер чагылдырылган.

Булактардын *төртүнчү тобун* оозеки материалдар түзөт. 1920-1930-жж. Кыргызстандан депортациялоого кабылган инсандардын балдары жана жакын туугандарынан оозеки материалдар жыйналды. Оозеки эскерүүлөрдү сын көз менен колдонууга аракет жасалып, архивдик документтер менен салыштырылды. Салыштыруунун жыйынтыгы көрсөткөндөй, оозеки маалыматтардын басымдуу бөлүгү архивде чагылдырылган материалдар менен дал келгендиги аныкталды. 1920-1930-жж. республикадан айдалгандардын кийинки жашоо-шартына байланыштуу илимий эмгектерде, жадагалса архивдик документтерде жолукпаган бир топ фактылар оозеки маалыматтар аркылуу ачыкка чыкты.

Изилдөөнүн методологиялык негиздерин тарыхыйлуулук (историзм) принциби, илимий объективдүүлүк, салыштырма-тарыхый, тарыхый-хронологиялык, тарыхый-генетикалык, оозеки тарых жана башка ыкмалар түздү. Диссертацияда тарыхыйлуулук методуна ылайык изилдөөдө кулакка тартуу саясаты 1920-30-жж. СССРдеги жалпы саясатты эске алуу менен конкреттүү процесс катары каралды. Илимий объективдүүлүк принциби изилдөөдө Кыргызстандагы кулактарды тап катары жоюу саясатын калыс жана ар тараптуу изилдеп, объективдүү жыйынтыктарды чыгарууга мүмкүнчүлүк берди.

Диссертациялык иште Кыргызстандагы кулакка тартуу маселеси боюнча архивдик документтердеги маалыматтар, илимий эмгектерде чагылдырылган материалдар жана оозеки тарых булактары салыштырма-тарыхый метод

аркылуу салыштырылды. Изилдөөдө Кыргызстандагы кулакка тартуу чарасынын өбөлгөлөрү, ишке ашырылышы жана жыйынтыктары тарыхый-хронологиялык ыкмасынын ырааттуулугунда каралды. Оозеки тарых методунун маектешүү (интервью) ыкмасы аркылуу кулакка тартылган кишилердин балдары, алардын урпактары жана туугандарынан баалуу маалыматтар жыйналды. Жалпылап айтканда, диссертациялык ишти жазуу процессинде теманы комплекстүү иликтөө үчүн тарых илиминдеги башкы ыкмаларды колдонуу жемиштүүлүгүн көргөздү.

**“Кыргызстандагы кулактарды тап катары жоюу саясаты”** аталышындагы 3-бапта 1920-1930 жж. Кыргызстандын саясий, социалдык-экономикалык абалы, кулактарды тап катары жоюу саясатынын республикада жүргүзүлүшү, кулактарды тап катары жоюу саясатынын кыргыз коомуна таасирлери изилденди.

Кыргызстандын баардык аймагында толугу менен Совет бийлиги орнотулгандан кийин башкаруунун Советтик аппараты-областтык, уезддик, айылдык, волосттук советтер түзүлгөн. 1922-жылы кыргыз интеллигенциясынын өз алдынча Тоолуу Кыргыз Областын түзүү боюнча алгачкы демилгеси ишке ашпай калган. 1924-жылы 14-октябрда РСФСРдин курамында Кара Кыргыз Автономия Облусу (ККАО) түзүлгөн. 1925-жылы 25-майда Кара Кыргыз Автономия Облусу Кыргыз Автономия Облусу атын алган. 1926-жылы 1-февралда Бүткүл Россиялык Борбордук Аткаруу Комитетинин буйругу менен КАО Кыргыз Автономиялуу Советтик Социалисттик Республикасы болуп (КАССР) РСФСРдин курамында кайра түзүлгөн.

Жер маселесин чечүүдө да Совет бийлигинин саясаты кулактарга каршы багытталган. 1921-1922 жж. Кыргызстандын түндүгүндө, 1927-1928 жж. Кыргызстандын түштүгүндө жер-суу реформалары жүргүзүлгөн. Бул реформалар кулактардын экономикалык кудуретин чектөөгө көмөктөшкөн. «Кошчу» союзу жер-суу реформаларын ишке ашырууда, дыйкандарды жерге жайгаштырууда, кооперативдештирүүдө, аларды унаа, айыл чарба шаймандары менен камсыз кылууда, маданий агартуу жана үгүт иштерин жүргүзүүдө Совет бийлигине көмөктөшкөн, бай-манаптарга каршы күрөш жүргүзгөн. 1927-1933-жж. республикада көчмөн райондорду социалисттик курулушка тартуу, советтик башкарууну жүргүзүү, саясий-экономикалык кампанияларды ишке ашыруу максатында жай мезгилдеринде бир нече жайлоо советтери уюштурулган.

1918-жылдан тартып эле Кыргызстанда колхоздордун алгачкы түрү коммуналар түзүлө баштаган. Кыргызстанда жер-жерлерде коммуна жана артелдер негизделген. Кийинчереээк Кыргызстанда колхоздордун алгачкы түрү ТОЗдор (жерди иштетүү боюнча шериктиктер) кеңири таралган. ВКП(б) БКнын 1930-жылы 5-январдагы «Коллективдештирүүнүн темпи жана мамлекеттин колхоз курулушуна жардам берүү чаралары жөнүндө» токтомуна ылайык Кыргызстан коллективдештирүү акырын темп менен жүргүзүлүүгө тийиш болгон үчүнчү группадагы райондорго кошулган. Өлкөнүн башка аймактары сыяктуу эле Кыргызстанда да колхоздоштурууда каталарга жана

бурмалоолорго жол берилген. Колхоздорго кирбеген орто чарбаларга бай-кулактар менен бирдей жеке түрдө салык салынган. БКП (б) БКнын «Колхоз кыймылында партиянын багытын бурмалоолор менен күрөшүү» тууралуу 1930-жылы 14-марттагы токтомунда коллективдештирүүнүн жүрүшүндөгү бурмалоолор моюнга алынган. Айыл чарбасын коллективдештирүүнүн негизинде 1931-жылдан баштап көчмөн жана жарым көчмөндөрдү массалык түрдө отурукташтыруу жүргүзүлгөн.

Бай-манаптардын эл арасындагы таасири республиканын социалисттик экономикалык, маданий өнүгүүсүнө жолтоо катары каралган, ошондой эле бай-манаптар уруулук күрөштүн уюштурууучулары катары айыпталышкан. Бай-манаптарды Кыргызстандан башка союздук республикаларга массалык түрдө көчүрүүнүн алгачкысы 1927-жылы ишке ашырылган. Ал эми 1927-жылга чейин бай-манаптарды республиканын ичиндеги башка райондорго же республиканын сыртына көчүрүү пландаштырылгандыгын, айрым учурларда ишке ашырылгандыгын архивдик документтер далилдейт.

1920-жж. аягына чейин Компартия жана Совет мамлекети тарабынан кулактарга саясий, экономикалык жактан чектөө саясаты жүргүзүлгөн. Кулак деп табылган кишилер атуулдук (шайлоо) укуктарынан ажыратылган, аларга жеке салыктар салынып, оор тапшырмалар берилген. 1929-жылы кулактардын эксплуататордук тенденцияларын чектөөдөн кулактарды тап катары толук жоюу саясатына өтүү жарыяланган. 1920-жж. аягы-1930-жж. башында жүргүзүлгөн кулакка тартуу кампаниясы бир эле кулак табына киргизилгендердин экспроприациясын эле эмес, алардын негизги бөлүгүнүн мамлекеттин алыскы региондоруна сүргүн процессин да өз ичине алган.

Кулактарды тап катары жоюу бир гана жапырт коллективдештирүү райондорунда жүргүзүлүүгө тийиш болгон, ал эми калган райондордо катаал чектөө жана кулактар менен байлардын эксплуататордук тенденцияларын жок кылуу белгиленген. Кулактарды тап катары жоюуда бай-манап, кулактарды жашаган жерлеринен бөлөк жерлерге же башка райондорго же башка республикаларга көчүрүлгөн. Бай-манап, кулак чарбаларынын бир бөлүгү республиканын сыртына, башка бөлүгү жапырт коллективдештирүү райондорунан республиканын ичиндеги башка райондорго, өздөштүрүлө элек жерлерге көчүрүлүп, алардын эмгеги пайдаланылган. Кулакка тартууда уруулук, жеке мамилелер, жергиликтүү бийликтин туура эмес чечимдеринин айынан аша чабууларга жол берилип, орто чарбалар, айрым учурларда кедей чарбалар жапа чегишкен.

1920-30- жж. баардык тармактарда жүргүзүлгөн социалисттик кайра түзүүлөр анын ичинде кулакка тартуу саясаты кыргыз коомунда терс кесепеттерге жол ачкан. Коллективдештирүү, кулакка тартуудагы аша чабуулар кыргыз калкынын табигый демографиялык өсүүсүнө, айыл чарба продукцияларын өндүрүүгө терс таасирин тийгизген.

Совет бийлигинин кулактарды тап катары жоюу саясатына каршы малдарын союп, сатып жок кылуу аракеттери катталган. Кулакка тартыла турган бай-манаптар мамлекет тарабынан конфискациялана турган малдарын

башка райондорго айдап барып, туугандарыныкында жашырышкан. Айрым байлар республиканын сыртына, тагыраак айтканда Казакстандын, Кытайдын аймагына малдарын айдап өтүп кетүүгө да аракет кылышкан. 1929-1930-жж. малдарды союп жок кылуу массалык түрдө жайылтылган, натыйжада малдардын саны кескин түрдө азайган. Аталган мезгилде менчик малдарын мамлекетке өткөрүүнү каалабаган чарбалар мал-жандыктарын союп, сатып жок кылышкандыктан мал чарбачылык сектору чоң зыян тарткан. Эгер 1928-жылы Кыргызстанда малдардын жалпы саны 7715 миң баш болсо 1934-жылдын башына карай бул сан 2100 миңге чейин, тагыраак айтканда 73%га кыскарган.

1920-жж. аягы-1930-жж. башында тап күрөшүнүн курчутулушу, тездетилген коллективдештирүү жана отурукташтыруу боюнча чукул чаралар, чектен ашкан кулакка тартуу сыяктуу себептерден улам республикада эмиграциялык кыймылдар келип чыгып, Кыргызстандын чек арада жайгашкан райондорунда Кытайга көчүп кетүү учурлары каттала башталган. Бай-манаптарга карата жүргүзүлгөн катаал аракеттер да эмиграцияга түрткү болгон, бай-манаптарга карата экономикалык жактан кысым, оор тапшырмалардын берилиши аларды жер которууга мажбурлаган. 1930-жылдын башында Алай өрөөнүндө, Ат-Башы районунда жашаган чарбалар малдарын алып Кытайга өтүп кетишкен. Архивдик документтерге таянсак 1931-жылы тап күрөшүнүн алкагында бай-манаптарга карата жүргүзүлгөн репрессиялардын айынан Балыкчы жана Ысык-Көл, Нарын жана Ат-Башы райондорунда жашаган чарбалар Кытайга өтүп кетишкен.˙ 1933-жылы Алай-Гүлчө районуна караштуу чек арада жайгашкан 5 айылдык кеңеште эмиграциялык кыймыл катталган. Чет өлкөгө кеткендиги такталган чарбалардын калып калган малдары мамлекет тарабынан тез арада конфискацияланып, колхоздорго өткөрүлүп берилген.

Изилдөө ишинин жыйынтыгы көрсөткөндөй, 1920-жылдардын аяк чендери, 1930-жылдардын башында жер-суу реформасы, коллективдештирүүдө аша чабуулар, кулакка тартуу саясатынан улам Кыргызстандын түштүгүндө басмачы кыймылы кайрадан жанданган. 1929-жылдагы бай-манаптарды көчүрүү кампаниясы басмачы кыймылынын күчөшүнө алып келген. Орто дыйкандардын кулакка тартылышы калктын кеңири чөйрөсүндө наразычылык жаратып, басмачы кыймылынын социалдык базасын кеңейткен. Басмачы топторунун калк ичинде таасиринин өсүшүнө уруу мамилелери да өбөлгө түзгөн.

Басмачы топторунун пайда болушуна байланыштуу Ош округунун бардык аймагында 1929-жылдын 15-октябрынан 1930-жылдын 15-январына чейин ВЦИК жана РСФСР Эл Комиссарлар Кеңешинин чечими менен өзгөчө абал жарыяланган. 1931-жылы Кыргызстандын Нарын, Ысык-Көл сыяктуу айрым түндүк аймактарында да коллективизациянын жүрүшүндө дыйкандарга карата аша чабууларга каршы наразычылыктар катталган.

Кыргызстанда 1920-жж. аягы - 1930-жж. башында бай-манап, кулактарга карата жүргүзүлгөн саясий, экономикалык катаал чаралар, анын ичинде тап күрөшү, бай-манаптардын сүргүнү, кулакка тартуу калктын наразычылыгын

жаратып, Совет бийлигинин саясатына каршы чет өлкөгө жер которуу же басмачы топторуна кошулуп кетүү сыяктуу протесттик кыймылдарга жол ачкан. Совет өкмөтү республикада басмачы топторун жок кылуу, чет өлкөгө эмиграциялык кыймылдардын алдын алуу максатында аскердик операциялар менен кошо  саясий-идеологиялык, экономикалык, маданий чараларды тез арада иштеп чыгып, аларды ишке ашырууга аракеттенгендигин архивдик маалыматтар тастыктайт.

**“1920-1930-жж. май-манап, кулактардын республикадан көчүрүлүшү”** деген 4-бапта 1927-жылы жана 1929-ж. бай-манаптардын Кыргызстандан депортацияланышы жана алардын абалы каралды. 1931-жылы кулактардын Кыргызстандан Украинага көчүрүлүшү жана алардын чет жердеги турмушу изилденди.

Манаптарды тобу менен көчүрүүнүн алгачкысы 1927-жылы ишке ашырылган. 1927-жылы 29-январда БКП (б) БКнын Орто Азия бюросу ири бай-манаптардын мүлкүн конфискациялоо жана аларды административдүү түрдө көчүрүүнү уюштуруу үчүн атайын комиссия түзгөн. 1927-жылы 12-мартта Кыргыз АССР Советтеринин I Учредителдик Съезди бай-манапчылык жана кулактар менен күрөшүү тууралуу токтом кабыл алган. 1927-жылы 27-мартта ВКП (б) Кыробкомдун Аткаруу Бюросунун жыйынында манаптар менен күрөшүү маселеси каралып, Кыргыз АССРинин аймагынан 21 манапты көчүрүү тууралуу чечим чыгарылган. Көчмөн райондордо 400 жана андан көп  бодо малы бар, жарым көчмөн райондордо 300 жана андан көп  малы бар ири мал чарба күткөндөргө айдоо өкүмү чыккан. Ошондой эле бул нормадагы малы бар жогуна карабастан тектүү манаптар, мурда артыкчылык топторго киргендер (уруу башчы укугунан пайдаланган манаптар, падышалык өкмөттөн сыйлык алышкан мурдагы болуштар жана байлар) айдалууга тийиш болгон. 1927-жылы Чүй, Нарын Ысык-Көл аймагынан 21 манап республикадан айдалып, ошол жылдын март-апрель айларында алардын мал-мүлктөрү тоорук кылынган. Архивдик булактардын негизинде алардын баарынын аты-жөнү белгилүү.

Оозеки маалыматтар боюнча 1927-жылы 21 киши адегенде поезд менен Россиянын Киров областына караштуу Халтуриного (Халтурино – 2016-жылы жоюлган Россиянын Киров областы, Яранск районуна караштуу кыштак. Азыркы кезде Опытнопольск айыл аймагынын курамына карайт.) айдалган. Халтурино климаты өтө катаал, суук жер болгондуктан манаптардын сабаттулары Москвага арызданышат. Андан кийин аларды Казакстандын Орол (казакча Орал, орус тилинде Уральск, батыш Казакстандагы Урал дарыясынын жээгинде жайгашкан шаар, Батыш Казакстан областынын админсративдик борбору) облусунун Бөкөй ордосу (казакча Бөкейордасы ауданы) районуна караштуу Ордо деген ысык, чөлдүү суусуз жерге которушат.  Ордодон манаптар ысыкка чыдабай кайта арызданышып, 1929-жылдын жарымынан кийин Оренбургга келишет. 3 жылдан кийин 1930-жылы, 1927-жылы айдалган манаптарга Чимкентке келүүгө уруксат берилет. Чимкентте бир аз тургандан кийин Жамбылга, 1931-жылы Фрунзеге келүүгө уруксат болгон. Манаптар

1935-жылга чейин Фрунзеде жашап, 1935-жылы гана тирүү калгандарына мурда жашаган жерлерине келүүгө уруксат берилет.

Бай-манаптарды кезектеги көчүрүү 1929-жылы ишке ашырылган. ВКП (б) Кыробком Аткаруу Бюросунун 1928-ж. 21-октябрдагы резолюциясында Нарын, Талас, Каракол, Ош аймактарынын натуралдык чарба жана уруулук калдыктары сакталган көчмөн райондорундагы таасирдүү бай-манаптарды Кыргыз АССРинен башка региондорго көчүрүү пландаштырылган. 1929-ж. 4-февралда Кыр. АССР БАК жана Эл Комиссарлар Кеңеши Нарын, Каракол, Талас кантондорунан жана Ош округунан бай-манаптарды көчүрүү боюнча токтом чыгарган. Токтомдо бай-манаптарга антисоветтик үгүттөө, уруулар ортосундагы чатакты күчөтүү, айылдарды советтештирүүгө жана республиканын экономикалык, маданий өнүгүүсүнө тоскоол кылуу сыяктуу күнөөлөр тагылган. 1929-жылдын февраль-март айларында Кыргызстандын Нарын, Талас, Каракол, Ош аймактарындагы 44 бай-манап чарбасынын мүлктөрү конфискацияланган.

1929-жылы Кыргызстандан көчүрүлгөн бай-манаптар Орусиянын Оренбург округуна айдалган. Оренбургга айдалгандардын арасында Боогачы Жакыпбеков, Казыбек Мамбетеминов өңдүү кыргыз маданиятынын көрүнүктүү өкүлдөрү болушкан. Мал-мүлктөрү конфискацияланып, көчүрүлгөн кыргыздар Оренбургда жумушсуздуктун айынан өтө оор абалда калышкан. Мындан улам айдалган кыргыздар 1929-жылы 13-июнда СССР БАК төрагасы М.Калининге арыз кат жөнөтүп, Ата Журтка кайтууга уруксат берилишин, эгер бул мүмкүн болбосо жумуш таап, үй-бүлөлөрү менен жан бакканга Казакстандын мал кармаган райондоруна же Өзбекстандын пахта өстүрүлгөн райондоруна жер которууну суранышкан. Бул каттын жыйынтыгы белгисиз, бирок өтүнүч канаатандырылган эмес деп жыйынтык чыгарууга болот. 1929-жылы бай-манаптарды көчүрүү боюнча инструкциянын пункттары сакталган эмес. Малынын саны белгиленген нормадан аз болгондор, өз алдынча чарба күтүп, атасынан бөлүнүп кеткендер, орус падышачылыгынан сыйлык албагандар көчүрүлбөшү көрсөтүлсө да айдалууга дуушар болушкан. 1929-жылы айдалгандар 3 жылдан кийин Кыргызстанга туулуп-өскөн жерлерине кайтып келишкен.

ВКП (б) БКнын 1930-жылы 5-январдагы “Коллективдештирүүнүн темпи жана мамлекеттин колхоз курулушуна жардам берүү чаралары тууралуу” токтомунда кулактарды чектөө саясатынан аларды тап катары жоюу саясатына өтүү чагылдырылган. 1930-жылы 1-февралда СССР БАК жана Эл Комиссарлар Кеңеши эксплуататор чарбаларды кулакка тартуунун так жолдорун жана методдорун камтыган “Жапырт коллективдештирүү райондорунда айыл чарбасын социалисттик кайра курууну бекемдөө жана кулактар менен күрөшүү чаралары тууралуу” токтомун кабыл алышкан. 1931-жылы 3-февралда ВКП (б) БК Орто Азия Бюросу жапырт коллективдештирүү райондорун тактоо жана кулактарды тап катары жоюу чараларын иштеп чыгуу үчүн комиссия түзгөн. 1931-жылы 29-июнда ВКП(б) БК Орто Азия Бюросу ВКП(б) БКнын макулдугу менен “Кулак чарбаларын көчүрүү тууралуу” директиваны бекиткен жана көп

өтпөй ошол эле жылдын 21-июлунда “Орто Азиядан кулак-бай элементтерин көчүрүү тууралуу” инструкцияны жарыялаган. Бул директива жана инструкция боюнча Орто Азия республикаларынан Украинанын түштүгүнө жана Түндүк Кавказга 6000 чарба, алардын ичинде 700ү Кыргызстандан көчүрүлүүгө тийиш болгон.

1931-жылы көчүрүү учурунда көрсөтмө жана инструкцияларга ылайык кулактар 3 категорияга бөлүнгөн:

**1-категория** - Контрреволюциялык ниеттеги байлар жана кулактар, өзгөчө ошол мезгилдеги конрреволюциялык, уюм, топтордун мүчөлөрү

**2-категория** - Экономикалык абалы күчтүү байлар жана кулактар (жергиликтүү бай кулак авторитеттери, аткаминерлер, манаптар, уруу башчылары, антисоветтик үгүт жүргүзгөн бай кулактар, дин өкүлдөрү)

**3-категория** - Жогорудагы 2 категорияга кирбеген байлар жана кулактар.

Биринчи категориядагыларды концентрациялык лагерлерге камоо же сүргүнгө айдоо чарасы каралып, алардын үй-бүлөлөрү 2-категориядагылардын үй-бүлөлөрү менен бирге Союздун түндүк райондоруна көчүрүлүүгө тийиш болгон. 2-категориянын Совет бийлигинин иш-чараларына каршы активдүү күрөш алып баргандарын республикадан көчүрүү, ал эми калган бөлүгүн жашаган райондорунан өзгөчө алар үчүн бөлүнгөн жерге көчүрүү каралган. Ал эми 3-категориядагылар жашаган райондорунда калтырылган, бирок колхоздун чегинен башка жерлерге көчүрүлгөн.

Жашы 65тен жогору улгайган кишилер, боюнда бар аялдар, майыптар айдалуучулардын тизмесине түшүрүлгөн эмес, алар өз ыктыяры менен айдала тургандарга кошулган кезде алардан түшүнүк кат жазылып алынган. Алар менен бирге айдала тургандардын тизмесине революциялык эмгек сиңиргендер жана үй-бүлө мүчөлөрү Кызыл Армияда кызмат кылып жаткандарга, темир жолдордо, өндүрүштө, фабрика заводдордо эски тажрыйбалуу адис катары иштегендерге өзгөчө мамиле жасалып, көчүрүлгөн эмес.

Көчүрүү түшүмдү оруп-жыюу башталганга чейин август-сентябрь айларында ишке ашырылууга тийиш болгон. Кулактар Түштүк Украина, Түндүк Кавказга көчүрүлүп, пахта өстүрүү менен алектенишээри жана СССР БАКтын декретине ылайык бул чарбалар Советтик мыйзамдарды толугу менен сактап, ак ниеттүүлүк менен иштешсе 5 жылдан кийин баардык жарандык укукту алыша тургандыгы көрсөтүлгөн. 1931-жылдын 11-июлда кулактар табын жоюу чараларына даярдык көрүү жана жүргүзүү үчүн кулактар, бай-манапчылыктын иши боюнча республикалык комиссия түзүлгөн, бул комиссия республикадан көчүрүлө турган кулак, бай-манап чарбаларынын тизмесин бекиткен. 1932-жылы 11-апрелде ВКП (б) БК Кыробкомдун Аткаруу бюросу тарабынан Кыргызстандын түштүгүнөн 500 кулак чарбасын республикадан көчүрүү тууралуу кезектеги токтом кабыл алынып, ошол эле жылы иш жүзүнө ашырылган. Тилекке каршы, 1932-жылы кулактардын Кыргызстандан депортацияланышы жана кийинки тагдырына байланыштуу маалыматтар азырынча жетишсиз болгондуктан көчүрүүнүн бул этабы изилдөөгө киргизилген жок.

1931-жылы август айында кулак катары күнөөлөнгөн бир топ үй-бүлө Украинага айдалып, алардын арасында жергиликтүү орустар жана украиндер да болушкан. Адегенде Украинада ар түрдүү кыштактарда жашашкан Кыргызстандан айдалгандар кийинчереек Николаев областы, Скадовск районунун Чалбасы кыштагына (азыркы Херсон областы, Цюрипинск району, Виноградов кыштагы,) жайгаштырылган. Украинага айдалган Кыргызстандыктарга *трудпоселенец* же *спецпоселенец* деген статус берилген, алар Украинада комендатуранын карамагында турушкан. Чалбасыда «Новый Путь» колхозу уюштурулуп, колхозго эгин айдаганга жер, мал бөлүнүп берилген. Чалбасыда топурак түшүмдүү болгондуктан Кыргызстандан айдалып баргандар негизинен айыл чарбасы менен алектенишкен. Чалбасыда балдар үйү ачылып, спецпереселенецтердин балдары балдар үйүндө тарбияланышкан. Кийинчереек кыргыз мектеби ачылган, мектепте Кыргызстандан кыргыз мугалимдер барып сабак беришкен, сабактар кыргыз тилинде окутулуп, Кыргызстандан окуу китептер, гезит-журналдар барып турган. Кыргыздар Украинада жашаган учурда негизинен кыргыз тилинде сүйлөшкөн жана улуттук каада-салттарын да унуткан эмес. Украинада жашоо кыргыздарга маданий жаңылыктарды да алып келген, алар украин тилин, украин маданиятын өздөштүрүшкөн.

1937-1938 жылдарда бүтүндөй Советтер Союзунда каардуу репрессиядан Кыргызстандан Украинага айдалган трудпоселенецтер да четте калган эмес. Украинадагы кыргыздардын арасынан 1937-38-жж. жүргүзүлгөн репрессиянын курмандыктары болушкандыгын оозеки маалыматтар да бекемдейт. Оозеки маалыматтар менен бирге 1937-38-жж. Украинада кыргыздарга карата жүргүзүлгөн репрессия тууралуу Украинанын Херсон Областтык Державний Архивинин материалдары да кеңири маалымат берет. 1938-жылдын февраль айынан октябрь айына чейин 63 киши кармалып, жоопко тартылган. Аларга «1931-1938 жж. аралыгында Скадовск районунда жашап жаткан учурда жашыруун контрреволюциялык улутчул уюм түзүшкөн, Совет бийлигине каршы контрагитация жана ишмердүүлүк жүргүзүшүп, «Новый Путь» колхозун бүлдүрүүнү максат кылышкан, эски бай-манап укуктарын жана уруулук таасирин жандандырууга аракеттенишкен жана мурда Кыргызстанда басмачылардын Совет бийлигине каршы куралдуу күрөшүнө катышышкан»-сыяктуу айыптар коюлган. Алардын 61ине атуу өкүмү, эки кишиге 10 жылга эмгек түзөтүү лагерине жөнөтүү өкүмү чыгарылган. 1960-жылы январь-март айларында Одесса Аскердик Округунун Аскердик Прокуратурасы жана Херсон Областынын КГБ Башкармалыгынын тапшырмасы менен баардык камалган кыргыздардын камалышы жана соттолушунун тууралыгы текшерилген. Ошол эле учурда Кыргыз ССР, Түркмөн ССР, Өзбек ССРинин борбордук архивдеринде алардын басмачылар менен Совет бийлигине каршы күрөшпөгөндүктөрү такталган. Скадовск районунда жашыруун контрреволюциялык уюмдун мүчөлөрү болушпагандыгы да ачыкка чыккан, дегеле мындай уюмдун болгондугу жөнүндө эч кандай далил табылган эмес. Украинада кулактардын репрессияланышы боюнча изилдөө учурунда

жыйналган оозеки сурамжылоонун маалыматтары менен Украинанын Херсон Областтык Державний Архивинен алынган материалдар дал келет. 1941-1943-жж. Чалбасы кыштагы немецтик оккупацияда болгон. 1945-жылга чейин түрдүү жылдарда Кыргызстандыктардын дээрлик баары Кыргызстанга кайтып келишкен.

## КОРУТУНДУ

Изилдөө ишинде төмөндөгүдөй жыйынтыктар чыгарылды:

1.Совет бийлигинин орношу менен Кыргызстанда да тап күрөшү теориясы алкагында кулактарды тап катары жоюу саясаты жүргүзүлгөн. Изилдөөдө бай-манап, кулактардын республикадан көчүрүү жараяны жана алардын сүргүн учурундагы тагдырына басым жасалды. Диссертацияда Кыргызстанда бай-манап, кулак чарбаларынын мал-мүлктөрүнүн конфискацияланып, республиканын аймагынан башка жерлерге сүргүнгө айдалышы 1921-жылдан тартып жүргүзүлгөндүгү аныкталды. Мындай депортациялар 1927-жылга чейин жекече мүнөздө болуп келсе 1927-жылдан тартып массалык түрдө депортациялар башталган. 1927-жылы 21 манап, 1929-жылы 44 манап үй-бүлөсү менен Россияга айдалышкан. Ал эми 1931-жылы Кыргызстандан 700 кулак чарбасын республикадан көчүрүү белгиленип, алар Украинага көчүрүлгөн. 1932-жылы Кыргызстандын түштүгүнөн 500 кулак чарбасын көчүрүү боюнча кезектеги чечим (көчүрүүнүн бул этабы изилдөөгө киргизилген жок) кабыл алынып, ошол эле жылы бул чечим аткарылган. о выселении 500 кулаческих хозяйств с юга Кыргызстана, что было выполнено в том же году. 1920-30-жж. кулактарды тап катары жоюу саясатынын алкагында колунда бар чарбалардын Кыргызстандан башка республикаларга көчүрүлүшүн 3 этапта бөлүп кароого болот:

I. 1921-1927-республиканын аймагынан жеке инсандардын көчүрүлүшү

II. 1927 жана 1929-жж. бай-манаптардын Россияга сүргүнгө айдалышы

III. 1931-ж. жапырт коллективдештирүү мезгилинде кулактардын Кыргызстандан Украинага депортацияланышы

2. Совет бийлиги Кыргызстанда кулактарды тап катары жоюуда бай-манаптардын саясий, экономикалык таасирин жок кылууну көздөгөн. Кыргызстандагы кулакка тартуунун башка республикалардан айырмаланган дагы бир өзгөчөлүгү бай-манаптардын уруучулук таасирин жоюуга аракет жасалган, өзгөчө бул аракет 1927 жана 1929-жж. сүргүндөрдө маанилүү болгон. Кулакка тартууда белгиленген эрежелерден сырткары жеке мамилелердин орчундуу роль ойногондугун Кыргызстандын мисалынан да көрүүгө болот. Кулактарды тап катары жоюудан колунда бар чарбалар эле эмес, орто чарбалар, айрым учурларда кедей жашагандар да запкы тартышкан. Диссертацияда 1920-1930-жж. Кыргыз АССРинен депортацияланган бай-манап, кулактардын сүргүн мезгилиндеги жашоосун изилдөөгө аракет жасалды.

3. Диссертацияда XX кылымдын 20-30-жылдарындагы Кыргызстандагы кулактарды тап катары жоюу саясатынын тарыхнаамеси иштелип чыкты.

Тарыхнаамалык талдоонун жыйынтыктары Советтик жана постсоветтик мезгилде республикадагы кулакка тартуунун жүргүзүлүшү жана жыйынтыктарынын жетиштүү деңгээлде, ар тараптуу жана терең изилденбегендигин көргөздү. Изилдөө ишинде кулакка тартылган кишилердин урпактарынан оозеки сурамжылоо материалдары жыйналды жана алар архивдик материалдар менен салыштырылып, колдонулду. Өзгөчө оозеки маалыматтарды илимий максатта колдонуу республикадан айдалган кишилердин кийинки тагдырын, турмушун иликтөөдө жемиштүү жыйынтыктарын берди. Оозеки жана архивдик булактар кулакка тартуунун саясий, социалдык жыйынтыктары менен бирге олуттуу экономикалык жыйынтыгын да далилдейт. Бай-манап, кулактардан алынган мал-мүлктөр кедейлердин экономикалык абалын жакшыртууда жана республиканын социалисттик эл чарбасын өнүктүрүүдө пайдаланылган. Бай-манаптардын мамлекеттештирилген мал-мүлктөрүнүн негизинде кедейлерге насыя берүүчү фонддор, жаңы коллективдүү чарбалар түптөлгөн, ал эми конфискацияланган турак жайлар мамлекеттик маданий-социалдык мекемелерге айлантылган.

4. Илимий эмгектер жана архив булактарындагы жаңы табылгалардан кулакка тартуу саясатынын кыргыз коомунда айрым негативдүү кесепттерге жол ачкандыгы такталды. Коллективдештирүү саясаты, кулакка тартуудагы аша чабуулар кыргыздардын табигый демографиялык өсүүсүнө кедергисин тийгизген. Жеке мал-мүлктөрдүн конфискацияланышына каршы чарба ээлеринин малдарын союп, сатып жок кылышынан улам республиканын мал чарбасы зыян тарткан. 1920-жж. орто ченинен тартып чет өлкөгө эмиграциялык аракеттер күчөгөн. Өзгөчө чек арада жашаган чарбалар мал-жандыктары менен кошо Кытайдын аймагына өтүп кетишкен. Ошол эле учурда Кыргызстандын түштүгүндө басмачы кыймылы кайрадан жанданып, олуттуу саясий кырдаал түзүлгөн.

5.Кулакка тартуу комплекстүү саясий, идеологиялык, социалдык, чарбалык тап күрөшү катары каралышы керек. 1920-1930-жж. Кыргызстандагы бай-манаптарды кулакка тартуу жараяны бир жагынан кылымдар бою көчмөн турмушту аркалап келген кыргыздардын коллективдүү чарбаларга кирип, отурукташуусуна жол ачса, экинчи жагынан кыргыз элинин саясий башкаруучу элитасынын мыктыларын же экономикалык жактан тың ишкер катмарларын четтетип, коомдун табигый жол менен өнүгүшүн социалисттик нукка бурган. 1920-1930-жж. бүтүндөй СССРде анын ичинде Кыргызстанда жүргүзүлгөн кулактарды тап катары жоюу саясаты репрессиялык чаралардын бири болгон. Ошондуктан кулактарды тап катары жоюу саясатынын 1937-1938-жж. туу чокусуна жеткирилген каардуу репрессиянын алгачкы ыргактарынан болгондугу тууралуу илимий тыянак чыгарууга болот.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

1. Кулактарды тап катары жоюу саясатынын маанилүү тарыхый жыйынтыктарынын бири бул окуянын тарыхый сабактары болуп эсептелет. Эгемендүү Кыргыз Республикасында жарандарды алыскы аймактарга

мажбурлап сүргүнгө жиберүү сыяктуу чаралардын жүргүзүлүшүнө, кайталанышына жол берилбеши керек;

2. Бүгүнкү күндүн өңүтүнөн караганда Совет мезгилинде кулактарды тап катары жоюу саясатын ишке ашыруудагы мыйзам бузуулар адам укугунун, эркиндигинин чектелишине алып келген. Ошондуктан демократиялуу мамлекетибизде баардык социалдык катмарлардын укуктары эске алынууга, жер, жеке мал-мүлк маселеси кылдат чечилүүгө тийиш;

3. Совет мезгилинде репрессияга кабылып, кулакка тартылган инсандарды актоо жаш муундардын парзы. Бул багытта тиешелүү мамлекеттик мекемелер тарыхый окуяларга обьективдүү баа берүүгө, репрессияланган жарандардын реабилитацияланышына көмөк көргөзүшү керек. Андыктан Совет мезгилиндеги жашыруун архивдик материалдарды жарыкка чыгаруу, аларды изилдөөчүлөрдүн колдонуусуна уруксат берүү мезгил талабы деп эсептейбиз. Кулакка тартылган инсандар тууралуу тарыхый документалдык фильмдерди жаратуу, коомдук агартуу мекемелеринде, музейлерде, кулакка тартууга арналган бөлүмдөр болушу абзел;

4. Кыргызстандан башка республикаларга кулакка тартуунун тарыхы боюнча Казакстан, Россия, Украина сыяктуу чет өлкөлөрдөгү жаңы архив материалдарын изилдөө, республикада оозеки маалыматтарды топтоо жана тактоо иштеринин улантылышы зарыл. Бул багытта чет өлкөлүк илимпоздор менен кызматташуу, орток илимий публикацияларды жарыялоо сунуш кылынат.

**Диссертациялык иштин мазмуну төмөнкү басылмаларда чагылдырылган:**

1. Алтымышова, З. А. 1920-жж. аягы-1930-жж. башында Кыргызстандын түштүгүндөгү басмачы кыймылы (архивдик жаңы материалдардын негизинде) [Текст] / З.А. Алтымышова // Кыргызстан тарыхынын маселелери, №.1 – Бишкек, 2009. – 5-11-бб.

2. Алтымышова, З.А. Оренбургга айдалган кыргыздар” [Текст]/З.А. Алтымышова //, БГУ жарчысы, № 1 (16) – Бишкек, 2010. – 5-9-бб. https://elibrary.ru/item.asp?id=45604456

3. Алтымышова, З.А. Бөтөн жерде репрессияланган кыргыздар: Украинага айдалган кыргыздардын мисалында [Текст]/ З.А. Алтымышова // «Исхак Раззаков жана азыркы Кыргызстан», Кыргызстандын көрүнүктүү ишмери Исхак Раззаковдун 100 жылдык юбилейине арналган республикалык илимий-практикалык конференция. – Бишкек, 2011. – 232-239-бб.

4. Алтымышова, З.А. Бай-манаптарды Кыргызстандан көчүрүлүшү жана жыйынтыктары [Текст]/ З.А. Алтымышова // Кыргызстан тарыхынын маселелери, №.2-3. – Бишкек, 2012. – 41-46-бб. https://elibrary.ru/item.asp?id=29769720

5. Алтымышова, З.А. Ж. Абдрахмановдун 1920-30 жж. социалисттик кайра курууларга көз карашы [Текст] / З.А. Алтымышова // Кыргызстан

тарыхынын маселелери № 1-2 (28), Бишкек, 2013. – 38-44-бб. https://elibrary.ru/item.asp?id=29712028

6. Алтымышова, З.А. 1930-жж. Кыргызстандан Кытайга эмиграциялык кыймылдар [Текст]/ З.А. Алтымышова // “Манас" коомдук илимдер журналы, 4 (1). – Бишкек, 2015. – 1-12- бб. https://dergipark.org.tr/tr/pub/mjss/issue/40494/485078

7. Алтымышова, З.А. Кулакка тартуу жараяны жана бай-манаптарды куугунтуктоолор. Алардын аргасыз журт которуулары [Текст] / З.А. Алтымышова / Кыргызстандын тарыхы. Байыркы мезгилден бүгүнкү күнгө чейин, 3-том. – Бишкек: Кут-Бер, 2016. – 250-260-бб.

8. Алтымышова, З.А. Кыргызстанда жеке чарбаларды коллективдештирүүнүн кесепеттери [Текст] / З.А. Алтымышова // “Билим Жана Тарбия” журналы, №2 (27). – Бишкек, 2018. – 115-123-бб.

9. Алтымышова, З.А. 1920–1930-жж. Кыргызстанда кулактарды тап катары жоюу саясатынын жүргүзүлүшү [Текст] / З.А. Алтымышова // Н.Исанов атындагы Кыргыз Мамлекеттик Курулуш, Транспорт жана Архитектура университетинин жарчысы №3 (73). – Бишкек, 2021. – 393-399-бб. https://elibrary.ru/item.asp?id=47689462

10. Алтымышова, З.А. Осуществление политики репрессий в Киргизской ССР в 1937—1938 годах [Текст]/ Б. Абдрахманов, З.А. Алтымышова // Научный диалог, №.7,– Екатеринбург, 2021. – с.307-324, (WoS Indexed-ESCI). https://www.nauka-dialog.ru/jour/article/view/2931

11. Altymyshova, Z. Ukrayna’ya Sürülen Kırgızlar. [Text] / Z. Altymyshova // V. Uluslararası Türk Dünyası Sosyal Bilimler Kongresi – Celal-Abad, 2007.- s.529-532.

12. Altymyshova, Z. Soviet Deportation Policy of Nomadic Population in 1920-1930: The Case of Kyrgyzstan [Text] / Z. Altymyshova // International Seminar «Twenty Years After: 1991 in Retrospect» – Kolkata, 2011. – p. 31-40.

13. Altymyshova, Z. Emigration Movements from Kyrgyzstan to China in 1930s [Text]/ Z. Altymyshova // Turkish Studies, International Periodical of The Languages, Literature and History of Turkish or Turkic, Vol. 8/11 – Ankara, 2013.- p.17-29. https://turkishstudies.net/turkishstudies?mod=makale_tr_ozet&makale_id=17026

14. Altymyshova, Z. Kırgızistan’da İlk Milli Gazetenin Tarihçesi [Text]/ Z. Altymyshova // Süleyman Demirel Üniversitesi, Sosyal Bilimler Dergisi, Sayı 29. – Isparta, 2013.- s. 73-90. https://dergipark.org.tr/tr/pub/sufesosbil/issue/11408/136214

15. Altymyshova, Z. Sovyetler Birliği’nde Kolhozlaştırma Hareketlerine Dair Bazı Tespitler: Kırgızistan Örneği [Text] / Z. Altymyshova // Türk Tarih Kurumu tarafından düzenlenen XVII. Türk Tarih Kongresi, II.Cilt-II.Kısım. – Ankara, 2014 – s. 555-575. https://www.ttk.gov.tr/etkinlikler/xvii-turk-tarih-kongresi-15-17-eylul-2014-ankara-ii-cilt-ii-kisim/

16. Altymyshova, Z. October Revolution and Soviet Class Struggle Policy in Kyrgyzstan [Text] / Z. Altymyshova // Central Asia, Journal of Area Study Centre (Russia, China and Central Asia): University of Peshawar, No.81. – Peshawar, 2017.-

p.1-11. https://prdb.pk/article/october-revolution-and-soviet-class-struggle-policy-in-kyrgy-251

17. Altymyshova, Z. Kırgızistan'da Basmacı Hareketiyle İlgili Yeni Bilgiler (1925-1934) [Text] / Z. Altymyshova // Bilig Dergisi Yaz 2017/Sayı 82. – Ankara, 2017.- s.91-116, (WoS Indexed-SSCI, Scopus). https://dergipark.org.tr/tr/pub/bilig/issue/48713/619805

18. Altymyshova, Z. 1920-1930'lu Yıllarda Kırgızistan'da Sovyet Repressiya Siyasetinin Çocuklar Üzerindeki Etkisi [Text] / Z. Altymyshova // Türk Dünyası İncelemeleri Dergisi 17/1, Yaz-2017. – İzmir, 2017. -s.27-35. https://tdid.ege.edu.tr/tr-9308/turk_dunyasi_incelemeleri_dergisi_-_17_1.html

19. Altymyshova, Z. Sovyetler Birliğinde "Sınıf Mücadelesi Çerçevesinde Uygulanan Baskı Örneği: Kırgızistan'dan Yapılan Sürgünler [Text] / Z. Altymyshova // 3.Türkistan Kurultayı Kafkasya ve Türkistan'da 1938 Sovyet Katliamı ve Etkileri Göç, Sürgün ve Kimlik – Kastamonu, 2018. – s.573-582. https://manas.academia.edu/ZuhraAltymyshova

20. Altymyshova, Z. Devlet Adamı C.Abdrahmanov ve Günlüğünün Tarihi Kaynak Olarak Değerlendirilmesi [Text]/ Z. Altymyshova // Selçuk Üniversitesi Edebiyat Fakültesi Dergisi, Sayı.42. – Konya, 2019. - s.341-360, (WoS Indexed-ESCI). https://sefad.selcuk.edu.tr/index.php/sefad/article/view/1056/830

21. Altymyshova, Z. Sovyet Döneminin İlk Yıllarında Kırgızistan'da Milli Özerk Cumhuriyet Kurma Konusundaki Fikri Münakaşalar. [Text]/ A.Mokeev, Z. Altymyshova // Belleten, Volume.LXXXIII-Sayı.298, (Aralık 2019), Ankara, 2019. – s.1081-1095., (WoS Indexed-AHCI). https://belleten.gov.tr/tam-metin/388/tur

**Алтымышова Зухра Амеракуловнанын "Совет бийлигинин Кыргызстандагы кулактарды тап катары жоюу саясатынын ишке ашырылышы (1920 - 30-жж.)" деген темадагы 07.00.02- Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишинин**

## РЕЗЮМЕСИ

**Негизги сөздөр:** Совет бийлиги, Кыргызстан, бай-манап, кулак, тап катары жоюу, депортация.

**Изилдөөнүн объектиси**. 1920-1930-жж. Кыргызстанда Совет бийлигинин кулактарды тап катары жоюу саясаты.

**Изилдөөнүн предмети.** 1920-1930-жж Кыргызстандагы репрессияланган кулактардын республиканын сыртына көчүрүлүшү жана жыйынтыктары

**Диссертациялык изилдөөнүн максаты.** Кыргызстанда Совет бийлигинин кулакка тартуу саясатын изилдөө, темага байланыштуу окуяларды ирети менен тактап, анализ жасоо жана тарыхый баа берүү.

**Изилдөө ишинин методологиясы:** Изилдөөдө архивдик документтер, илимий эмгектер жана оозеки тарых булактарына салыштырмалуу анализ

жүргүзүү менен бирге историзм, илимий объективдүүлүк, салыштырма-тарыхый, тарыхый-хронологиялык жана оозеки тарых ж.б. изилдөө ыкмалары колдонулду.

**Диссертациянын илимий жаңылыгы:** Кыргызстандагы кулактарды тап катары жоюу саясатынын жүргүзүлүшү жана жыйынтыктары архивдик документтер, илимий эмгектер жана оозеки материалдардын негизинде комплекстүү изилденип, илимий жактан негизделген баа берилди; Совет өкмөтүнүн республикадагы кулакка тартуу боюнча архивдик документтеринин басымдуу бөлүгү илимий айлампага киргизилди; республикадан сүргүнгө айдалган инсандардын кийинки тагдыры, Ата Журтка кайтып келүү жагдайлары боюнча айрым тактоолор киргизилди; архивдик булактарды талдоонун негизинде 1920-1930-жж. Кыргызстандагы кулактарды тап катары жоюу саясатынын кыргыз коомундагы кесепеттери аныкталды.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси.** Илимий иштин негизги жыйынтыктарын илимий изилдөөлөрдө, илимий долбоорлорду даярдоодо, жалпы билим берүү уюмдары, орто жана жогорку окуу жайлары үчүн окуу куралдарын иштеп чыгууда колдонууга болот.


## РЕЗЮМЕ

**диссертации Алтымышовой Зухры Амеракуловны на тему “Реализация политики Советской власти по ликвидации кулачества как класса в Кыргызстане (1920-30 гг.) ” на соискание ученой степени кандидата исторических наук по специальности 07.00.02 – отечественная история**

**Ключевые слова:** Советская власть, Кыргызстан, бай-манап, кулак, ликвидация кулачества как класса, депортация.

**Объект исследования**. Политика ликвидации кулачества как класса в 1920-1930-е годы в Кыргызстане.

**Предмет исследования**. Выселение репрессированных кулаков из Кыргызстана за пределы республики 1920-1930-е и их последствия.

**Целью диссертационного исследования** является изучение политики Советского правительства по раскулачиванию в Кыргызстане, уточнение последовательности событий, связанных с темой, их анализ и определение исторической оценки.

**Методология исследовательской работы.** В исследовании использованы сравнительный анализ архивных документов, научных трудов и источников устной истории, а также принципы историзма и научной объективности, сравнительно-исторические, историко-хронологические методы, устная история и др.

**Научная новизна диссертации:** дана научно обоснованная оценка проведению политики ликвидации кулачества как класса в Кыргызстане и их последствиях на основе комплексного исследования проблемы с привлечением

архивных документов, научных трудов и устных материалов; введен в научный оборот значительная часть архивных документов Советской власти по истории ликвидации кулачества в Кыргызстане; внесены некоторые уточнения о судьбах выселенных за пределы республики людей, и обстоятельствах их возвращения на родину; на основе анализа архивных документов определены последствия ликвидации кулачества для кыргызского общества.

**Практическая значимость исследования.** Основные результаты научной работы могут быть использованы при проведении исследований, подготовке научных проектов разработке учебников для общеобразовательных учреждений, среднего и высшего образования.


**RESUME**

**of the dissertation by Altymyshova Zukhra Amerakulovna entitled "Implementation of the Soviet government's policy eradication of the kulaks as a class in Kyrgyzstan (1920-30s)" for fulfillment of the requirements for the degree of Candidate of Historical Sciences on the specialty 07.00.02 – National history**

**Key words:** Soviet power, Kyrgyzstan, bai-manap, kulak, eradication as a class, deportation.

**Object of the research**. The Soviet government policy of the eradication of the kulaks as a class in Kyrgyzstan in 1920-1930s.

**Subject of the research**. Deportation of the repressed Kyrgyz kulaks out of the republic and its consequences.

**The purpose of the dissertation research** is a scientific review of the policy of the Soviet government on dekulakization in Kyrgyzstan, as well as performing the chronological ordering of events related to the topic, their analysis and historical assessment.

**Methods of the research.** The research uses a comparative analysis of archival documents, scientific works and sources of oral history, as well as methods of historicalism, scientific objectivity, comparative-historical, historical-chronological methods and oral history etc.

**Scientific novelty of the dissertation:** a comprehensive study of the problem was conducted with archival documents, scientific works, and oral materials, resulting in a scientific assessment of the kulaks being eliminated as a class in Kyrgyzstan and their consequences; significant part of archival documents of the Soviet government about history of eradication of kulaks in Kyrgyzstan were integrated into scientific circulation; the further fate of the out-of-republic deported people and the circumstances of their return to motherland were clarified; the consequences of the 1920-1930s kulaks eradication as a class policy on Kyrgyz society have been identified on the basis of archival sources.

**Practical significance of the research.** The main results of the scientific work can be used in the futher research, development of research projects, development of textbooks for general education institutions, secondary and higher education.